МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН СӨГҮНГӨН АДАТТАРЫНА МУГАЛИМДИН МАМИЛЕСИ

Адыл менен Акыл эки бир тууган. Адыл 3-класста Акыл 2-класста окуйт, ата-энеси кызматкер. Атасы токой чарбачылыгында, апасы дарыгерлер бөлүмүндө эмгектенишет. Чакан чарбачылыгы бар. Адыл тентек, шок улуу болсо да Акыл инисине көп атаандашат. Атасы күнүгө жумушка кетип жатып Адылга короодогу жумуштарды аткарып коюусун айтып кетет. Адыл күндө аткарат, бирок кемчиликтери боло, аткарган иштери атасынын көңүлүнө жакпайт. Атасы күндө кемчилигин айтып кайра эртен туура, толук аткаруусун өтүнөт. Адыл тажап баштайт, Акыл эч нерсе жасабай ойноп гана жүргөнүнө ичи күйөт. Акыл акылдуу, эмгекчил боорукер. Ал жөн гана ойноп жүрбөстөн дайым агасына жардамдашып жанынан чыкпайт. Бир күнү Адыл атасы тапшырган ижумуштарды аткарганы сыртка чыкса дос балдары үйүнүн жанында ойноп жаткан болот. Ал кошулуп ойноп кетет. Бүт жумушту Акыл инисине тапшырат, аны алдайт. Ал күнү иниси бүт ишти алынын келишинче аткарат. Күндөр өтүп Адыл жалкоо болуп, жаман адаттарды үйрөнө баштайт. Ал тургай мектепте жүргөндө да кыздар балдарга туура эмес сөгүнгөн сөздөрдү айтып жүрөт. Үйгө келсе ата-энесинин көзүнчө жакшы бала, алар жокто инисине да туура эмес мамиле жасап, жаман сөздөрдү айтып сөгүнүп, инисин эчен ирет ыйлатат. Бирок инисин алдап, урушканын, сөгүнгөнүн ата-энесине айтпоосун күнүгө суранып, Акылды жоошутуп коет. Ата-энеси Акылдын бул жоруктарын билбейт. Адыл болсо туура эмес иш жасап, жатканын ойлонбойт. Мындай көрүнүш күндө кайталана берет. Күндөр өтүп жатты. Адылдын бул кылгандары, көйгөй боло баштады. Мүнөзү да өзгөрдү, ата-энесинин, мугалимдин сөзүн укпай өзүн өзү биле баштады. Илимде изилденген маалыматтар боюнча сөгүнүүнүн 3 терс жагы Адылда байкала баштады. Оозунан бир жакшы сөз чыкпай калды, жалаң сөгүнгөн кооз создордү айтат. Мүнөзү абдан өзгөрдү атасына, апасына акыл айтканы үчүн таарынат, жатып алат. Ал эми Адыл менен Акылдын ата-энеси сөгүнмөк түгүл эки баласына жаман сөз да айтышпайт, эркелетип чоңойтуп келе жатышат. Бир, эки жолу атасы да апасы да Адылдын сөгүнгөн учурун билип калып, ага таасирдүү сөздөрдү акыл кеңешин айтышты. Анан ата-энеси Адыл бул сөздөрдүн маанисин түшүнбөй жататго деп түшүндүрүп да беришти. Күндөр өтүп жатты. Адылдын күндөлүгүндө баалар азайып жокко эсе болуп баратты. Сабак учурунда танапис болгуча араң чыдап отуруп, танапис болоору менен досторуна жолугуп, кайра сабак башталганча оюн ойносода ар түрдүү жаман сөздөрдү айтып сөгүнүп ойночу болду. Ата-эненин илгери үмүт менен убакыттын өтүшү менен жоголот деп күткөн тилектери оңунан чыкпады. Мектеп менен байланышып апасы мугалими менен баарлаша баштады. Адыл сабагынан аксап, кооптонуу жарата баштады. Мектепте ар жуманын 5-күнү тарбия иштери уюштурулуп, ар кыл темада тарбиялык сааттар өтүлөт. Мугалим ошол класстын балдарынын тартиби, сөгүнгөн жаман адаттары тууралуу темаларды кызыктуу даярдап, ал тургай ушул көйгөйдү чечүү максатында ата-энелер чогулуштарын өтө баштады. Бир күнкү тарбиялык саатта мугалим сөгүнгөн адамдардын кандай болоору тууралуу видео даярдап, терс жактарын көргөздү. Адам эмне болгондо сөгүнгөнүн, сөгүнгөн адамдын уяты жок, ал сөгүнгөн сөздөрү ата-энесине тиерин, анан дагы жүрөгү карарып мерез, ташбоор, ачулуу, нааразы болуп

калууга алып келээрин билишти. Ушул сабакта мугалим окуучуларына жалпы мындай суроо берди:

-Балдар силердин өтүп жаткан турмушуңарда ушул жогорудагыдай кубанып, же ачууланып, жинденгенде сөгүнүп жүрүп, досторуңарды эже-аба, ини-карындаштарыңарды капа кылган учурлар болду беле?

Окуучулар ар бири өз ойлорун айтып жатты. Адыл болсо берилген сурооого жооп издеп, досторун, инисин далай ирет жаман сөгүнгөн сөздөрү менен таарынтканын эстеп кулагы тунжурап класстагы эч бир сөздү укпастан отурду. Анан дагы бир, эки жолу сөгүнүп жатканда атасы угуп калып капа болуп, балам эч убакта мындай сөгүнбө ал жакшы жолго алып барбайт-деген сөздөрүн эстеп, бети кызарып уялып отурду. Ата-энеси “акылдуу балам”-деп башынан сылап эркелетип каалаган, кызыккан нерсесин алып берип, эч нерседен калтырбай, айтканын аткарып, жүргөн ата-апасын көз алдына келтирип, эмне себептен бул туура эмес жолго түшкөнүн, досторуна дагы сөгүнүп, туура эмес жолдун тамырын жайылтып, күчөтүп баратканын сызип турду. Сабак бүтүп үйгө келди. Китеп кабын адатынча ыргытпай ордуна койду, чечинип, жуунуп, ойноп жүргөн инисин ээрчитип келип, апасы даярдап кеткен түшкү тамакты чогу жакшы сүйлөшүп отуруп ичишти. Акыл инисине бүгүнкү тарбиялык сабакта көргөн видеосу жана сөгүнгөн адамдардын жүрөгү кандай болуп калаарын айтып берди. Акыл да Адыл агасынын айтканын кунт коюп укту. Агасынын сөгүнгөн сөздөрүн эстеп, туура эмес кылып жүргөнүн туйду. Ошентип экөө тамактанып алып короого чыгып күндөгү жасала турган иштерин ынтымакташып аткарып коюп, ата-апасынын келишин күтүштү. Кеч кирип атасы, апасы келди. Бардыгы кечки тамакты чогу отуруп ичип жатышканда Адыл бүгүн мектептен таасирдүү тарбия алып келгенин баяндап айтып берди. Адыл ата-апасынан кечирим сурап, акылдуу, адептүү бала болоорун билгизди. Сөгүнгөн адамдын башкача болуп өзгөрөрүн, тескери багытка бараарын, өзүнүн ден соолугуна зыян келтирерин, ошондой эле сөгүнүү менен күчтүү болуп, коркпой эр жүрөк болуп, башкаларды мазактап коркутуп, бирок мындан эч жакшы жыйынтык болбоорун айтып берди. Ар бир сөгүнгөн сөз жүрөктү кара кылып, сөздөн жалаң жаман сөздөр чыгып, достору жана жакындары качып каларын сезди. Муну уккан ата-апасы мугалимине терең ыраазычылык билдирип, ата-эне дайым мектеп менен байланышып баланын жүрүш-турушуна көз салып, көйгөйлөрдү биргеликте чечүүгө болот экенин түшүнүштү. Ата-эне баланын татыктуу билим-тарбия алуусунда, дайым мугалимге өнөктөш болуп, кайдыгерликти жок кылып, келечек муунду адептүү, билимдүү тарбиялуу болооруна жардам берсе, келечек муун татыктуу тарбия алып чыгаары шексиз. Ар бир бала эркин, эгемен Кыргыз мамлекетинде татыктуу тарбия алып, билимдүү болууга укуктуу.

Эми ошол сөгүнгөн балдар кайдан кантип пайда болоорун саресеп салып көрсөк Психологдор, илимпоздор белгилеп айтып жүргөндөй, сөгүнгөн тартиби начар балдардын көпчүлүгүндө адамдардан болгон мээримдин жетишсиздиги экен. Бул көйгөй менен күрөшүүдө белгилүү кыргыз илипозу, агартуучусу азыркы замандын Дүйшөнү аталып жүргөн Гапыр Мадаминовдун “Агай”тасмасын мисалга алсак болот. Бул тасмада ушундай сөгүнгөн, сабак окубаган баланы сөгүү менен эмес, урушуп – согуу менен эмес, бир гана мээрим менен адамкерчилик жолу менен оңдоп алганын

көрөбүз. Кино чыныгы окуядан алынып жазылганы Гапыр Мадаминовдун өзүнүн айтканын угуп жүрөбүз. Демек, бир гана чечим бул мээрим, адамкерчилик жолу.

“Куру сөз – курсак тойгузбайт” демекчи жакшы жакка чакыруу үчүн мугалим ар тараптан өнүккөн, билгич, сезгич, туйгуч болуубуз керек.

Ал эми сөгүнүү адамдардын денесине жана рухуна кандай таасир берерин медицина тарабынан анализ жүргүзсөк, көп сөгүнгөн адам эч нерседен коркпогон, жада калса адам өлтүрүүдөн кайра тартпай калары аныкталган. Ал эми бул тууралуу 14 кылым мурун динибизде пайгамбарыбыз Мухаммед С. А. В. да баса белгилеген. Ал мындай деп осуят калтырыптыр: “Эгер адам бир жолу сөгүнсө, адамдын жүрөгүндө ийненин учундай кара так түшөт, ал жер бир сөгүнгөн сайын, ошол сөгүнгөнүнүн санынчалык кара тактар түшө берерин, ал эми кара тактар көбөйүп кетсе, жүрөк карарып, ал эми кararган жүрөк, кандай гана жаман нерсе болсо да жасай бере турган адам болуп калат”- деп айткан.

Бул темада ой жүгүртөөрдө улуттун уңгулары, кара сөздүн жөргөлөрүнүн бири болгон, айтылуу ак таңдай төкмө акыныбыз Барпы Алыкуловдун:

Ырыскыңды бекерге,
Төкпөгүлө, балдар ай.
Акарат кылып бирөөнү,
Сөкпөгүлө балдар ай.
Киши билбестиктен,
Какпагыла балдар ай.
Илим-билим пайдалуу,
Окугула, балдар ай.

–деп өз наасатын айтып, биз кыргыз эли көсөм элдерден экенин далилденген. Бул мисалдан биз , балдар, тартиптүү болууга, акыл-эстүүлүккө, калп сүйлөп, ууру кылуудан, каяша айтып сөз кайрып, сөгүнүүдөн алыс болууга, илим-билимге умтулууга үндөгөндүгүн эсибизге түйүшүбүз керек. Адам дайыма жакшыдан үмүт кылып, жакшы жака умтулуусу керек.

Ошентип жыйынтыктап айтканда: “Мугалимдер коомдун күзгүсү”, “Бала төрөлгөндө, жазылбаган ак барактай”-деген сыяктуу сөздөр менен аяктагым келди. Азыркы ички, тышкы миграция катуу күч алып турган заманда билими тайкы ата-энелер тирүү туруп жетимдей мээрим көрбөй чоңоюп жаткан балдарына, албетте, ар түрдүү терс мүнөздөр менен чоңоерун билип, биз, мугалимдер, алардын ата ордуна ата, эне ордуна эне болуп койсок, мээрим төксөк , адамкерчилик менен мамиле кылсак эле, сөгүнгөн, тартипсиз балдар азаят дегим келди. Ал эми мээрим деген нерсе –Кудайым айткандай, чеги жок нерсе. Ал адамдын рухунда чексиз, көлөмсүз, өлчөөсүз берилерин билүүбүз керек.

Мугалимдин сүйүүсү чексиз болгондо гана коомдо бутунан майып болсо болоор, бирок рухунан майып балдар азаярын сезип, билип, туялы урматтуулар.